# КОЖО ЫРЧЫ



БИШКЕК 2010

# Кожо ырчы

Бишкек 2010 -ж.

Баткенский ЦБС
ИНВ. № 14820
Дб

УДК 821,51

ББК 83,3 Ки
К 58

Китептин редактору Запар Ходжаев.
Түзгөн Барно Сабирова

Кожо ырчы. / Түзгөн Барно Сабирова
К 58 -Б.: Нур-Ас. 2010. - 64 б.

ISBN 978-9967-25-943-0

Бул чакан китепчеде азыркы Баткен облусунун Баткен районуна караштуу Орто-Боз айылында жашап өткөн таланттуу ырчы Кожо Эрматов тууралуу сөз болот. Ырчынын кыскача өмүр таржымалы, анын урпактары тууралуу маалыматтар камтылган.

Китепке Кожо ырчынын Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунда сакталып турган ырлары алгачкы жолу жарыяланды.

К 4603020100-10 УДК 821,51
ББК 83,3 Ки

ISBN 978-9967-25-943-0 ©Түзгөн Барно Сабирова, 2010

# ЧОҢ АТАМ КОЖО-ЧОҢ ЫРЧЫ

Урматтуу окурман, мен сөз баштайын деп олтурган баян Баткен чөлкөмүндө ырчы деген атка конгон, өз заманында кыйла белгилүү төкмө акын тууралуу болмокчу. Эрмат уулу Кожо 1898-жылы азыркы Баткен облусунун Баткен районундагы Ак-Сай айыл өкмөтүнө караштуу Улар жайлоосунда жарык дүйнөгө келген, 1982-жылы дүйнөдөн кайткан. Мен ал кишинин уулу Ысактын уулу, Кожо ырчынын небереси экенимди алдын ала айтып өткүм келет. Албетте, өзүнүн жакындары тууралуу эскерип, көкөлөтүү, өткөн адамдарды даңазалоо соңку мезгилде көнүмүшкө айланып кеткендей. Ким болсо да өзүнүн ата-тегин даңктап, келечек муунга өткөрүп бергиси келет эмеспи. Ал тургай бир көчөнүн эли дурустап тааныбаган адамдар тууралуу деле китептер жарык көрүп жаткан тушта, мен эл ичинде ырчы атыккан чоң атам тууралуу жазууну өзүмдүн парзым деп таптым. Анткени убакыт өтүп, замандар алмашып, ал кишини таанып билгендер бириндеп калганы өкүнүчтүү.

Чоң атамды мен эс тарткандан тартып өзүм 25 жашка чейин көрүп калдым. Мага такыр өлбөчүдөй болуп туюлган чоң атам Кожо мен 25ке чыкканымда жарык дүйнө менен коштошту. Мени Кожо ырчынын небереси деп аташаарын 6-7 жашымдан билдим. Анан мектепке барганымда да мугалимдер мени «Ии, Кожомуратов, сенде да акындык өнөр барбы?- деп, же чоң атаңдын ырларынан айтып берчи!-деп кыйнай беришчү. Класстык журналга да Кожомуратов деп жазып коюшуп, анан туулгандыгым тууралуу күбөлүгүмдү Совет мезгилиндеги билерман адистердин аша чапкандыгынанбы, же шалаакылыгынанбы айтор «Ходжаев» деп жазылып калганын түшүндүм. Жалгыз менин эле эмес, Кожомурат чоң атамдын дагы бир канча неберелери да Ходжаев деп жазылып жүргөнү ошондон деп ойлойм.

Кантсе да мен мектепке жаңыдан кирген 60-жылдарда телевизор жаңы эле чыгып, маалымат негизинен радио аркылуу таралчу. Ал эми мен чоң атамдын ырларын угууга, жомокторун тыңдоого кызыгып, жайкы каникул башталаары менен аны ээрчип тоого чыгып кетчүмүн.

Бир жолу чоң атам уулу Бусурман авамдын үйүнө барып, телевизор көрүп келет. Келгенден кийин оо бир топко чейин ырга салып

жүрдү, телевизор деген эмне экенин сыпаттап. Дагы бир жолу башка белгилүү адамдын үйүнө барып калса, алардын үйүндөгү телевизордо кино болуп жаткан экен. Сенин телевизоруң ырдабайт экен. Бусурман уулумдун телевизору жалаң ырдап турат,- деп талашканы эсимде.

Чоң атам табиятынан жан-жаныбарларды жакшы көрчү. Коңшулаш Тажикстандын Исфара шаарына зоопарк келишин чыдамсыздана күтчү. Жыл сайын жазында жана күзүндө зоопарк келсе билбей калбайын деп, ал жакка каттагандардан сурай берчү. Мага ар качан «Ажайыпкана келсе мага дароо айт. Барып көрүп келебиз. Кудаанын жандыктарын көргөн сооп болот»-деп калчу. Бул максатка арналып анын чөнтөгүндө ар качан акча сакталып турчу.

Зоопарк келгенин укканда таң эртеден Исфарага барып, ачылышын күтүп турчубуз. Анан чоң атам ар бир жаныбардын турган турпатына, кыймыл-аракетине баам салып оо бир топко чейин турчу. Кээде алар менен сүйлөшүп аткандай туюлуп кетчү. Күбүрөп, мүмкүн жаңы ырларына угут алып жатат беле деп ойлоймм. Зоопарка барганыбыз өзүнчө майрам болсо, келгенден кийинки бир нече жума ого бетер майрам болчу. Себеби, айылдаштар андан:

«Ажайыпканага барып келдиңизби, кандай экен» десе болду, ар бир жандыкты сүрөттөп ырдап кирчү. Мен зоопарктан байкабаган көп нерселерди чоң атам эстеп калганына таңданчумун. Жапайы айбанаттарды, канаттууларды, үй жаныбарларын өз-өзүнчө ырдачу. Бирок ошол ырлар сакталбай калганы өкүнүчтүү. Кээде айрым саптары жадыма түшө калат. Ошондо мен мындан 35-40 жылдар чамалуу мурдагы саптар эсиме түшкөндө кадимкидей кубанып калам. Айылдаштарымдын айрымдары да чоң атамдын ар кайсы темадагы ырларынан билиши мүмкүн деген үмүттөмүн.

Бир жолу Исфарага базарга барганыбыз эсимде. Сатуучу жигит кооз гүлдүү табакты «Лаган» алыңыз деп чоң атама кайрылып калды. Баткен чөлкөмүндө палоо салуучу табакты «лаган» деп диалектилик өзгөчөлүктө айтышат. Сатуучу өтө эле безилдеп жибергенинен чоң атам тиктеп калды да:

Илеген өзү тегерек,

Ичинде ашы болбосо,

Илеген бизге не керек?-деп бир топко чейин ырдады. Базарга келгендер чоң атамды тегеректешип, анын ырына кулак салышып, көпчүлүк ошол табактардан да сатып алып жатышты. Сатуучу:

- Эми сиздин шарапатыңыз менен бир топ лаган саттым. Бир жуп лаганди сизге тартуулайын»-десе, «Жок мен эки лаган үчүн ырдаган жокмун»-деп басып кетет.

Кожо ырчы 84 жашка чыгып дүйнөдөн кайткан. Ал ошол жашында да акылы зирек, көкүрөгү тунук эле. Ал кишинин чыгармаларын өз оозунан угуп жазып алууга көптөгөн окумуштуулар, адабиятчы фольклорчулар, келечектеги чоң илимпоздор барышчу. Алардын катарында Буудайбек Сабыр уулу, Сулайман Кайыпов, тилчи-окумуштуулар Ибраим Абдувалиев, диалектолог, маркум Ж.Мукамбаевди айтып кетүүгө болот. Жалаң эле Бишкектен эмес, ОшМУнун филология факультетинин студенттери, окутуучулар менен бирге практикага барышчу.

Кожо ырчынын чыгармаларын 1954-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин студенти Тайтөрө Батыркулов жазып алып, Кыргыз Илимдер академиясынын кол жазмалар фондусуна өткөргөн. Ал кол жазмалар бүгүнкү күндө да ошол жерде 60 бет көлөмүндө сакталуу. Балким Кожомурат акын жөнүндө, анын чыгармачылыгы тууралуу башка фольклористтер деле жазып, чогултуп, иреттеп окуу жайларынын кол жазма фондуларына өткөргөн болсо, анда ал кишинин чыгармалары сакталып тургандыр. Алдын ала айтып коюучу нерсе, эгер Кожо ырчынын оозунан чыгармалын жазып алган окумуштуулар болсо, алардын берген материалдарын кийинки китептерге чыгарууга сөз берем. Анткени бул чакан китепче чоң эмгектин башталышы гана. Кожо ырчы тууралуу айтылуучу сөз, жазылуучу китептер алдыда. Бул саамалыкты улантуу-түштүктөн чыккан ырчылардын чыгармачылыгын иликтеп жүргөн окумуштуулар үчүн да болочок филологдор үчүн да пайдалуу болуп, ошондой эле Баткен жергесинин маданияты менен адабиятынын тарыхына аз болсо да кошулган салым болот деген ишенимдемин.

Кожо ырчыны жакындан билгендер, ал кишинин чыгармаларын жатка билгендер болсо, аларга ыраазычылык билдирем. Жалгыз эле мен эмес Кожо ырчыдан калган уулу Саитбурхан авам, кызы Каныш эжемдер, неберелери Бакир авам, Арстан, Дастан инилерим, карындаштарымдын баарысы да ал киши тууралуу маалыматтарга суусап турганын белгилегим кел.

**Запар Ходжаев**
**Бишкек шаарынын тургуну.**

# КОЖО ЭРМАТОВ ТУУРАЛУУ АЗЫНООЛАК КЕП

## АТАСЫ-ЭРМАТ ЧАГААН

Анда эмесе, аккан арыктан суу агат демекчи, Кожо ырчы тууралуу айтуудан мурда анын атасы Орозмат уулу Эрмат ырчы тууралуу да эки ооз сөз айта кетүү дурус болоор. Эгер Эрмат ырчынын ата бабалары тууралуу айта келсек анда төмөнкүдөй чынжыр (Бекназардан Шайназар, Шайназардан Бабаназар, Бабаназардан Кожоназар, Кожоназардан Орозмат, Орозматтан Эрмат жарык дүйнөгө келген) түзүлөт.

Кожо ырчынын атасы Эрмат ырчы башка ырчылар менен айтышканда алдына киши салдырбастан, кордоп ырдаганы үчүн аны Эрмат чагаан (чага турган) деп аташчу экен. Ал айтышкан ырчысын экинчи жолу ырдагыс кылып, сөзгө сындырып, айыбын айрандай төкчү экен.

Эрмат ырчы айтышта жеңилген ырчылардын каргышына калган, ызаланган ырчылар аны сөз менен чаяндай чагат деп, чагаан -аташкан.

Бир жолу Эрмат ырчыга бир жээни келет да «Тага, мени баланчылар шылдыңдады, сөзгө сындырышты, жүрүңүз, сиз да шылдыңдап ырдаңыз »-дейт. Эрмат ырчы башында макул болбойт. Бирок жээнинин көңүлүнөн өтө албастан, макул болот. Ошондо Баткенден Кокон шаарына жөнөшөт, эшекчен, атчан болушуп. Алар бараар барганча, анан кайтып келгенче жээнин ызаланткан кишини шылдыңдап ырдайт. Ал киши кечиримин сурап, Эрмат ырчыга атын берет, чапан жабат. Бирок ырчы токтобойт.

Кокондун базарын кыдырып чыгышкандан кийин чогуу баргандар базарды эле ырдаңызчы. Адамдын жанынан башканын баарысы табылган базарды мактаңыз дешет. Бирок Эрмат ого бетер күчөп, шылдыңдап, кордоп ырдоосун улантат. Жанаша жүргөн адамдары да ортого түшүп, Эрмат ырчыдан суранышат. Ошондон кийин Эрмат ырчынын атагы дагы алыска кеткен.

Бир жолу ошол аймактан чыккан Акмат ырчы Эрмат ырчы менен айтышканы жөнөп жатканын угат да, баягы жеңилген киши айтат дейт:

-Мен Эрмат ырчынын жөнүн ырдайын, эгер ошондон кийин деле айтышкыңыз келсе, анда бара берсеңиз болот.-дейт.

Ал ырчы Эрмат ырчынын сөзгө чечендигин, куюлуштура ырдаганын, Коконго барып, кайра келгенге чейин төгүп ырдаган шыгын сыпаттап айтат. Анын ыр баштыгы бошобойт да, бөксөрбөйт да, кайра - кайра толуп турат экен деп сыпаттайт. Ошондо Акмат ырчы Эрмат ырчы менен айтышсам деген ниетинен кайтып, жөн гана достошууга барган экен дейт.

Эрмат ырчы өлгөндө Акмат ырчы келип, ат үстүндө ырдап-ыйлап келет. Ошондо көзүнүн жашы көлдөп, сакалдан ылдый кулап жерге түшүп жатышканын көргөндөр көпкө чейин сөз кылышкан экен. Акмат ырчы Эрмат ырчыны жоктоп турган кези:

Жаз айланып, күз кетет,:
Саратанда муз кетет,
Эрматтын тою өттү деп,
Акматтын көңүлү суз кетет.
Мен берген жерден кетпедим,
Бердиге күйдү чепкеним.
Мурунку сөзүм жалгандай,
Мурзада акым калгандай…

ушул сыяктуу өткөн кеткенди, Эрмат ырчынын чыгаандыгын, ырчылык өнөрүн, өзүнүн аны менен достугун ырдаганда элдин баарын ыйлаткан дейт. Көз жашы көлдөп, сакалынан ылдый куюлуп, аттын жалынан жерге тамчылаптыр.

## КОЖО ЫРЧЫ ТҮШ КӨРӨТ

Кожонун ырчылыкка шыгы бар экени жаш чагынан билинген. Бирок Эрмат ырчы өз уулунун эл алдында ырдашына каршы турган. Айылдаштары бир жолу Эрмат ырчыга кайрылышып, ушул кичүү уулуңдун чымыны бар, эл алдында ырдасын, батаңды бер деп сураныпат. Бирок, Эрмат ырчы айтат: «Ырчы деген дубана. Мен уулумдун дубана болушун каалабайм. Ошон үчүн бата бербейм». Эрмат ырчынын минтип көшөрүп, каршы болгонунан айылдаштары таркап кетишет.

Арадан бир канча убакыт өткөн соң, айылдаштары дагы бир ирет суранышат. Эрмат ырчы өзү ырчылыктын түмөн түйшүгүн

баштан өткөргөндүктөн, андай катаал тагдырды баласы Кожого ыраа көрбөйт. Үчүнчү жолу да Эрмат ырчыны ортого алышканда уулунун ырчы болушуна караманча каршы болгон ата өз батасын бербейт.

Кожо эс тартып, укканын унутпай, көргөнүн сыпаттап ырга салып, теңтуштарына кызык аңгеме дүкөн салып, ырдап берип көңүлдөрүн ачып жүрөт. Атасы бата бербеген соң эл алдына ачык чыгып, ырдай албайт, ошого карабастан ырчылык шыгы өнүгө берген. Ал кездеги аш тойлор, кыз оюндар ырчыларсыз өтчү эмес. Кожо бала ырчы атасынан жашынып аш маарекелерде ырдайт.

Он алты жашка толгон Кожо түш көрөт дейт. Түшүндө анын уучуна толтуруп, бирөө таруу бериптир. Ошондо ал бир колундагыны ашап жеп жиберет, экинчи колундагысын жегенге үлгүрбөй калыптыр дейт. Ойгонуп кетсе түшү. Ошондо төшөктө жатып эле төгүп кирет, түшүндөгү таң калаарлык көрүнүштү.

Атасы Эрмат ырчынын: «Эл алдында ырдабагын. Биздин уруудан ырчы чыкпашы керек-деген насааты Кожонун ырдоосуна кыйла кедерги болот.

Ал эми Кожо ырчы эл алдында ырдап, өзүнүн ырларынан башка да бир тойдо өзүлөрү жашаган чөлкөмдү мактап ырдаган аяш атасы Акматтын ырларын да элге жеткирген деген сөз бар дейт. Ал кезде ырчылар башка ырчылардын өнөрлөрүн да элге жарыялап, даңазасын чыгара жүрүшчү экен. Бир жолу ырчылар Анжыянда чогулуп айтышып, анда Акмат ырчы Лейлек, Сүлүктү, Баткенди ушунчалык мактап ырдаган деп сыймыктануу менен айтчу экен:

Канаты кайкы кузгундун,
Тыкыр эткен ташы жок,
Баткен менен Бужумдун.
Султан бир жайлоо Жылуу суу,
Роут менен Зардалы.
Өрүгү токой кең далаа,
Барса бир соода бүтүшкөн,
Базары сонун Исфара.
Коргон -Таш менен Ой-пада,
Көрүнүп турат кыбылада.

Алтын-Бешик, акын тоо,
Асманга жакын бийик тоо,
Азим шаар Сүлүктү,
Кесектин эли эң сонун,
Тандап минет күлүктү.

Кожонун небереси Запар айтат: «Орто мектепте 10-класстарда окуп жүргөн кезим. Чоң атам шалы пая жакта жүргөн. Ал кишини бирөөлөр издеп мектепке келишкен экен. Аларды ээрчитип чоң атама алып бардым. Ошол жерден келгендерди сыпаттап төгүп кирди. Жеңи жок, кыска этек көйнөк кийген келиндер кеткиче шашышты.

Чоң атам ырга эле шыктуу болбостон, кара сөздү да катыра айткан, жөө жомокторду куюлуштура баяндаган чечен эле. Ал оозун ачканда эле жомоктогу каармандар куду тирилип келип, арабызда жүргөндөй болчу. Өзгөчө жайлоодо, түн караңгылыгында отту тегеректеп олтуруп жез кемпир менен Көкүл бала тууралуу жомогун айтканда жаш балдар Көкүл балага боору ооруп, жез кемпирге кыжыры кайнап, экинчи чети ошол жез кемпир куду жаныбызда тургандай бүшүркөп чапанга жашынчубуз.

Ансайын чоң атам Кожо : -Оо, Көкүл балам, таң агарып аткандыр, тараза жылдыз баткандыр, баягың келе жаткандыр деген үн чыгат. Көкүл бала артына кылчайса, жез кемпир бир аттам жерде келе жаткан болот.

Мына ушундай чечен сөзгө баа берген чоңдор да жомок угушуп, баланчы ырчы жөнүндө айтыңыз, түкүнчө жомокту айтыңыз деп суранышчу.

Кожо ырчы өзү жаныбарларды жандай жакшы көргөн, алардын сырткы турпатын эле эмес, ар бир жандыктын өзгөчөлүгүн жарым күн болсо да сыптаттап ырдоодон тажачу эмес. Өзгөчө ал киши канаттууларды ырдап кое берчү.

Кожомурат ырчыга келген ырчыларды көрүүгө, алардын сүйлөшкөн сөздөрүн, айтышканын тыңдоого ого эле көп адамдар үйүбүзгө келээр эле. Бир жолу жолоочу сураштырып жүрүп, чоң атам жашаган Саитбурхан авамдын эшигин таап келип,

Угутун таптым бозонун,
Үйүн таптым Кожонун,

- деп келип дагы бир топко учурашып ырдаганы эсимде.

Дагы бир жолу бир ырчы келип,

-Ырдашканга мен келдим,
Бир кечеге жай бергин,
Ат байлаган чым бергин,
Жарим кила жем бергин,- деп улантты».

Кожо ырчы Барпы Алыкуловдун ырларын, анын акындар менен айтышкандагы чыгармаларын да келиштире айтаар эле. «Жакшы адамдын бир жагы кемтик болот. Ыр жагынан алдыга киши салдырбаган Парпинин көрдүгү эле. Эки көзү көрүп турса, андан кыйын ырчы болмок эмес»-деп калчу экен.

Кожо ырчы башка ырчылардын чыгармачылыгын жакшы билген. Алардын ар кайсы чыгармаларын элге жеткиргени маалым. Учуру келгенде гана ырдаган, бирок ошол элге жарыя ырдабай кээде жакшылардын көңүлү үчүн ырдаган бул инсан өзү тууралуу бул саптарында айтып жатат.

Толук журтту кыдырсаң,
Токтогулдай акын жок…
Жалкоолук кылбай ырдасам,
Жаңшагандан мендей жок.

Мына ушундан эле Кожо ырчы өзүнүн чыгармачылык дараметин, өзүнүн талантын өзү баалаганы, болгондо да сын көз менен баа бергени көрүнүп турат.

Анын «Санат» ырларын окуп көргөндө өзүнүн чыгармачылыгы тууралуу өз оозунан угабыз. Ар дайым элге чыкпаган акын, бирөөлөр суранганда эле ырдаганы көрүнөт.

«Жаңшаган Кожо ырда»,- деп,
Жакшылардан сунуш бар.
Мен ырымды бирөөдөн,
Сатып алган эмесмин.

Ырда десе ырдабай,
Жатып алган эмесмин.
Зорлук кылып бирөөдөн,
Тартып алган эмесмин.
Мен ырымды бирөөдөн,
Сурап алган эмесмин.
Чекененин малындай,
Курап алган эмесмин.
Күн бүркөлүп жааганда,
Күнгөйдү басып сел кетет.
Жакшылардын ичинде,
Уялганым шекилди,
Маңдайды басып тер кетет.

**Кожонун бир тууганы Сары**

Кожо ырчы феноменалдуу эс тутумга ээ болгон, куйма кулак инсан экенин айтышат. Ошондой эле анын бир тууганы Сары тууралуу да жылуу пикирлер айтылат. Сары деген бир тууганы укмуштай эске тутуусу, эсепти мээсинде чыгарганы, математикалык жөндөмдүүлүгү менен элди таң калтырчу экен. Мурда мыкты азаматтар партиялык жогорку мектептерде окушчу. Ошондой окуу жайынын угуучуларына Сарынын ушунчалык математикалык жөндөмдүүлүгү тууралуу айың жетет. Ошондо алар келишип эки орундуу сандарды кошуп, көбөйтүп, бөлүп, ар кандай амалдар боюнча суроолорду беришет. Ал киши заматта мынча болот деп айта салат. Андан кийин үч-төрт орундуу сандар менен да ушундай эле окуя кайталанат. Партиялык жогорку мектептин окуучулары өзүлөрү берген суроолорунун жоопторун кагазга жазып эсептеп чыгышса, туптуура экен. Айылдык карапайым бир адам кантип ушунчалык эсепти мыкты билгенине айылдаштары эмкичең айраң-таң калышат. Бирок ошол феноменалдык эс тутуму бар кишиден эркек бала калган эмес.

# КОЖО ЫРЧЫНЫН УРПАКТАРЫ.

## Саттар согушта курман болгон.

Эл арасында ырчы чал атка конгон Кожонун уулдарынан Саттарды, Ысакты, Бусурманды жана Саитбурханды айтып кетүүгө болот. Кожо ырчынын улуу уулу Саттар 1919-жылы жарык дүйнөгө келген. Ал окуп билим алган сабаттуу инсан эле. Улуу Ата Мекендик согушка кетип, Днепрдеги салгылашууда баатырларча курман болгону тууралуу маалымат жазылган кара кагаз келген. Кырчындай уулу согуштан келбей калганда Кожо ырчы согушка наалат айтып, тылдагы элдин кыйынчылык турмушун ырдаган. Анын согуш тууралуу ырлары эле бир чоң дептер болсо керек эле деп айтышчу аны билгендер. Бирок ал согушту ырдаганда (жүрөгү канап ыйлап) жоготуунун ызасы кайра-кайра жаңылана бергендиктен, кийинчерээк ал тууралуу таптакыр ырдабай, ичинен гана сызып жүргөн.

## Ысак-биринчи мугалим.

Кожо ырчынын уулу Ысак агай мугалим болгон. Ал документи боюнча алганда 1928-жылы жарык дүйнөгө келип, 1984-жылы дүйнөдөн кайткан. Ал кезегинде кат сабаты ачылган билимдүү инсан болгон. Улуу Ата мекендик согуш башталганда сабаттуу адамдар колхозго өтө керектүү болгонунан, колхоздун төрагасы аскер комиссариатына барып, Ысак Кожоевдин жашын төрт жашка азайтып койгон деген сөздөр айтылат. Согуш жылдарында бул киши колхоздо эсепчи да, катчы да болуп, бүт иш кагаздары ал кишинин колунан өтчү экен.

Ысак Кожоевди Баткен чөлкөмүндөгүлөр алгачкы мугалимдерден деп билишкен. Ысак агай ар бир окуучусун «кулунум» деп, эркелете сүйлөп, бардык балдарга калыс, тегиз мамиле жасаганын айтып калышат. Ошондой эле ал мектептин окуучуларынын ар биринин туулган күнүн, айын, жылын жатка билчү экен. Кайсы бир окуучу тууралуу маалымат керек болсо, ал шыр эле айта салчу экен, кагаз карабай туруп. Ошол кезде Ысак агайдан окугандар, анын өткөн сабактарын бүгүнкүгө чейин эстеп калышат.

Ырчы атасынын өнөрү ага да жукса керек. Кээде сабак билбеген балдарды уйкашкан саптар менен уяткарчу экен. «Ысак авам өзү да

ыр жазып жүрчү»,- деп эскерген карындашы Камбү эже 2002-жылы республикалык «Тунук» гезитине берген интервьюсунда.

Анын колунан Баткен районунун бир топ белгилүү адамдары окуп билим, тарбия алышкан. Бул тууралуу философия илимдеринин доктору Рахат Ачылова, көрүнүктүү коомдук жана мамлекеттик ишмер Досбол Нур уулу, филология илимдеринин доктору, профессор И.Абдувалиев, Кыргыз Республикасынын Эл артисти Саламат Садыковалар сыймыктана айтып жүрүшөт. Өзгөчө Саламат Садыкова Ысак агайы тууралуу жылуу маанайда эскерет: «Кыргыз Руху» гезитинде «Баткенде калган балалык» деген материалда: «Менин бактылуу балалыгым жана кайталангыс окуучулук кезим ажайып кооздукка бөлөнгөн өрүкзарлуу Баткен жергесинде өткөн. Мени биринчи класстан төртүнчү класска чейин Ысак Ходжаев деген агай окуткан. Ал агай жандан башкача тамашөкөй болчу. Сабакты ташка тамга баскандай өтчү. Ар бирибиздин атыбыздан айтпай кличка коюп коер эле. Классташ балдарымдын бирин «наскабак» деп койчу. Ал сөздү адабий тилде түшүндүргөндө насыбайдын сырты деген маанини берет. А мени Баткендин сөзү менен чечен деп эркелетчү. Азыр да классташтар менен кезигип калганда агай койгон кличкаларыбызды айтып күлүп калабыз». Бир жолу ошол өрөөндөн чыккан билимдүү инсан Абдрашит Айжигитов минтип айтты: Мен Ч.Айтматов түштүктү жакшы билбей калганына терең өкүнөм. Эгер ал түштүктү мыкты билгенде «Биринчи мугалимди» Ысак Ходжаев тууралуу жазмак.



**Кожо уулу Ысак**



**Ысактын жубайы Парахат уулу жана неберелери менен**





**Ысак уулу Талып** **Ысак уулу Бакүр** **Ысак уулу Запар**



**Ысак кыздары Бүбүсара, Мэри небереси Каныкей жана небере келини Идаят**



**Ысак кызы Салкын**

Ысак агай өмүрлүк жубайы Парахат менен үч уул, беш кыздуу болду. Эң улуу уулу Талып агай Кыргызстан мамлекеттик университетинин тарых факультетин аяктап, ата кесибин улантып мектепте мугалим болуп, ошондой эле айыл өкмөтүндө жооптуу кызматтарда иштеди. Өкүнүчтүүсү Талып агайдын өмүрү кыска экен 2008-жылы 57 жаш курагында дүйнөдөн өткөн. Артында Бозулан, Улукбек, Эрмат деген уулдары жана Каныкей Бегимай Мархамат ысымдуу кыздары калды.

Ысак агайдын уулу Бакур Политехникалык институтту аяктаган, үй-бүлөсү менен Баткен районунда турат.

Агайдын дагы бир уулу Запар Дене тарбия институтун аяктаган, учурда Бишкек шаарында турат.

Ысак агайдын кыздары Гүлбара, Бүбүсара, Бактыгүл, Мэри, Салкынбүлөр да чоң атасы Кожо ырчынын ырларынан эч болбогондо беш-алтоосун жатка айтышат.

**Бусурман Ходжаев**
**(1934-1986)**

Бул ысымды Баткен облусунун ар бир экинчи тургуну жатка билет деп айтса болот. Ал элге кызмат кылуунун эң сонун үлгүсүн көрсөтүп, партиялык, советтик жооптуу кызматтарда иштеген. Ал Ташкенттеги жогорку партиялык мектепти аяктаган. Он беш жылдан ашуун Баткен райондук кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасы болуп үзүрлүү иштеген.



**Бусурман Ходжаев жана жубайы Турдугүл**



Бусурман Ходжаевдин уулу Арстан



Бусурман Ходжаевдин уулу Дастан

Ал эли жери дегенде ичкен ашын жерге койгон, эл кызыкчылыгын туу туткан адам болгонун замандаштары эскеришет. Бирок ал өмүрү кыска экен элүү жаштан жаңы эле ашканда жарык дүйнө менен коштошкон. «Эл камында жүрүп, күнү-түнү иштесе да, атасынын ырчылык өнөрү анда да болсо керек, ал бир чоң дептерге ыр жазып жүрчү экен. Ал дептерди Турдугүл жеңем сактап койгондур»,- деп эскерген бир тууганы Камбү эже. Кожо ырчынын уулу Бусурман Ходжаевдин артында Арстан жана Дастан деген уулдары, Айнур, Айсулуу ысымдуу кыздары калган. Алар азыркы учурда Баткен. Ош облустарында жооптуу кызматтарда иштеп келишүүдө.



Бусурман кызы Айнура



Бусурман кызы Айсулуу

Бусурман Ходжаевдин ысымы Баткен шаарынын борбордук көчөлөрүнүн бирине, Ак-Сай айылындагы орто мектепке ыйгарылган. Анын эстелиги аталган мектепке орнотулган. Жыл сайын мектептин алдыңкы окуучулары Бусурман Ходжаев атындагы стипендия менен сыйланышат.

## Саитбурхан Ходжаев

1939-жылы жарык дүйнөгө келген.

Кожо ырчынын уулдарынын эң кенжеси Саитбурхан ава бүгүнкү күндө Баткен районунун Көк-Таш айылында жашайт. Жашы 71де. Өмүр бою совхоздун активи болуп иштеген. Анын эч кимге катуу айтпаган жумшактыгы, кичи пейилдиги, оңой менен ачууга алдырбаган сабырдуулугу бар. Саитбурхан аксакал уул-кыздары, неберелери менен бактылуу карылыктын доорун сүрүп жаткан кези.



**Саитбурхан Ходжаев**

Баткенская ЦБС
ИНВ. № 14821
Д6





Саитбурхан кызы Чынар үй-бүлөсү менен

Саитбурхан уулу Абдилла

**Кожо ырчынын кыздары: Наркан Каныш жана Камбү.**







Наркан эже (1927-1992)

Каныш эже 1942 - ж. туулган

Камбү эже (1947-2008-ж.)

Кожо ырчынын кыздары Наркан (1927-1992), жана Камбү (1947-2008-ж.) эжелер ыраматылык болуп бул дүйнө менен кош айтышып кетишкен. Алардын уул кыздары таятасы Кожо ырчынын өнөрүн аздектеп келишет. Каныш эже бүгүнкү күндө Баткен районундагы Самаркандек айылында жашайт.

Кожо ырчынын бул үч кызы тең ыр жандуу, куюлуштура сүйлөгөн, жамактап ырдаган эжелер. Бир тууганы Бусурман Ходжаев дүйнөдөн кайтканда үчөөнүн кошкон кошогун угушуп, Кожо ырчынын өнөрү кыздарына ооган экен деген ойго кетишкен жердештери. Ал эми Бусурман Ходжаевге арналып мектептин алдына эстелиги коюлган учурда эжелердин ырдаганы салтанаттуу кечеге келгендердин баарысынын муунун бошотуп, жаш карыны тегиз ыйлатканын бүгүнкүгө чейин айтып калышат.

**Чебереси Бозулан**



**Бозулан Ысаков**

Кожо ырчынын чебереси Бозулан Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз филологиясы факультетин аяктаган. Окуп жүргөн кезинде бир жолу адабият окутуучусу, белгилүү фольклорчу Сулайман Кайыпов Бозуландан сурап калат: Баткен чөлкөмүндө Кожо Эрматов деген ырчы өткөн, уктуң беле,-деп. Ошондо Бозулан айтат, ал менин бабам болот. Мен анын чебересимин. Менин атамдын аты - Талып. Ал мектепте тарых мугалими болуп иштейт, чоң атам-Ысак, Ысактын атасы Кожо ырчы болгон.

Учурда Кыргыз Түрк «Манас» университетинин ректору Сулайман Турдуевич да Кожо ырчы тууралуу маалымдар экенине Бозулан төбөсү көккө жетип кубанып жүрөт.

**Магнитофондон жазылып алынган ыр.**

Кожо ырчы ырдап жатканда анын ырларын кагазга түшүрүү кыйын болгон. Себеби азыр эле башкача сапты айтса, кайталап сурасаң башкача кайталачу экен. Ошондо бир фольклор жыйнаган адам айтат: -Сиз кечээ башкача ырдабадыңыз беле бул окуяны. Бүгүн башкача ырдап жатасыз го, -деп сураганда.

-Ээ, балам, ырдын калыбы, же данеги берилсе болду. Калганын ырчы өзү билгендей жаңшайт,-деп жооп берген экен.

Кожо ырчынын оозунан магнитофонго түшүрүлгөн бул саптардын Кожо ырчыга же ошол чөлкөмдөн чыккан Акмат ырчыга тандыктуулугу белгисиз. Ошентсе да бул ыр саптарын китепке камтууну туура таптык. Магнитофондогу ырлар 1988-жылы кагазга түшүрүлгөн.


…Өрүгү токой кең далаа,
Көрүнүп турат кыбыладан,
Көк-Дөбө менен Ой-Пада.
Коргон -Таш менен Ак-Чечек
Жүгөрү кылат жүз чейрек,
Арасы алыс Мадиген,
Арыса аттар жетпеген,
Такта-Бөз менен Майданга,
Чыкпаган жылкы арманда,
Жайылган кою жокшогон,
Жашыл бир ала гүлү бар,
Жаннатка жакын окшогон,
Айгыры жылкы топтогон,
Азыкканын жоктогон,
Тогуз бир булак Сар-Пая,
Буудайы бүтөт….
Таш-Кыя менен Сүлүктү,
Кесектин эли эң сонун,
Тандап бир минет күлүктү.
Тоо бир жайлоо Ысманы [1]
Адамдын шондо дыйканы.
Алтымыш батман буудайы,
Кара-Суу менен Дарасы,
Асты бир кызыр жар болгон,

1 Ысманы-Исфана


Ар жакка кеткен галасы.
Арасы алыс ар тоонун,
Базары кызык Чарковдун,
Канаты кайкы кузгундун,
Тыкыр этер ташы жок,
Баткен менен Бужундун.
Азим бир шаар Варуху,
Буудайыны сугарып,
Варыхтын агат ар сайы.
Он эки уруу жайланат,
Жаңыдан бүткөн Мачайи,
Коо ичинде Кара-Боз,
Байлардын жайы Орто-Боз.
Жылкынын жайы Сары-Жаз.
Миң жылкың болсо дагын аз,
Коюнун жайы бу Рават,
Койчусу жатып пул табат.
Мал караган койчунун,
Пайчасынан ит кабат.
Жаниңдан деп жалынган,
Жаман эрдин иши имиш,
Биздин жайлар Кишемиш,
Бизди мында жеткирген,
Бир кудаанын иши имиш.

## КОЛ ЖАЗМА ДЕПТЕРИНЕ САРЕСЕП


Кожо Эрматовдун чыгармалары Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Адабият жана тил институтунун кол жазмалар фондунда сакталып турат. Ошол кол жазмалардын каталогун карап чыкканда бир дептер ыры табылды. А чындыгында анын чыгармалары башка каталогдордо да болушу керек эле. «Эрматов Кожонун ырлары» деген чоң дептер (инв.426, №1623) 64 беттен турат. Ырларды 1954-жылы Кыргызстан мамлекеттик университетинин III курсунун студенти Тайтөрө Батыркулов жазып келип өткөрүптүр.





**Кол жазмалар фондундагы дептер**



**Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондунан**




Дептердин биринчи бети




30 –

Дат болдум (күйдүм)

Уромол салса жарашкан
Башыңдын көрүп дат болдум
Орокбой кыйгач тартылган
Кашыңдын көрүп дат болдум
[illegible] ширин сүйлөгөн
Сөзүңдүн көрүп дат болдум
Карагаттай карарган
Көзүңдүн көрүп дат болдум
Ордон солдон оронгон.
Келечиң (уромол) көрүп дат болдум
Өз өбүңө [illegible]
Төлөбүң [illegible] дат болдум, [illegible]
Зор кичинбек [illegible]
Адабың көрүп дат болдум
Кор[illegible] ыларга [illegible]
Саламың көрүп дат болдум
Машина [illegible]
[illegible] көрүп дат болдум
Мом курубай кашкайган
Тишиңдин көрүп дат болдум

Албетте, ушул студенттин фольклордук практикасы учурунда жазып келген дептер бүгүнкү күндө Кожо ырчы тууралуу баа жеткис булак болуп турат. Дептерди барактап чыкканда айрым бир түшүнүксүз жагдайлар да келип чыгат. Мисалы кыргыздагы кор башы-басмачы деген сөздү, Кожо ырчы хор башы дегендей айтса керек, Т.Батыркулов ошол бойдон  дептерге киргизген. Ошондой эле жыйноочу өзү Талас жергесинен болгондуктан, Баткен чөлкөмүнүн диалектилик жана говордук өзгөчөлүгүн, сөздөрдүн маанилерин толук аңдабай калса керек деген ойго кетесиң.

Дептердеги ырлардагы кабыл алынган сөздөр, мисалы орус тилинен алынган түшүнүктөр бар. Алар кол жазмага айтылышы боюнча түшүрүлгөн. Эгер алардын ар бирин орус тилинин эрежелерине салып, орфографиялык эрежеге келтирсең Кожо ырчынын ырларынын уйкаштыгы бузулуп, анан калса ошрл 1950-жылдардагы чындыкты



чагылдыра албай калчудай. Ошол себептен кандай болсо, ошондой берилди. Кожо ырчынын ырларындагы кабыл алынган сөздөрдүн мынчалык көп кездешишинин дагы бир себеби, ал жашаган чөлкөм азыркы Тажикстандын Шураб шаарына жакын болгонунан улам го. Ал кезде көпчүлүк жумушчулар Баткендин айылдарынан Шурабга барып шахтада иштегени маалым. Ушундай саптарга мисал:

Акча кагаз черваным,
Ат араба пирганым.
Урган менин завайым.
Айдаган ушул баганым,
Асынган менин наганым.

Дептердеги ырларды жарыялоодо өзгөртүүсүз берүүнү туура таптык. Жыйноочунун кашаага алынган түшүндүрмөлөрүн шилтемеде бердик. Жыйноочу дептердин мазмунунда 11 ырды тизмелеген. Алар: «Хор башы»; «Ленин, Сталинге»; «Санат ырлар»; «Урматкан»; «Даг болдум»; «Эки ырчынын айтышканы»; «Алты ырчынын айтышканы»; «Парандалар»; «Мергенчи жөнүндө кошок», «Каралоо»; «Айымкыз менен Чөкөбайдын айтышканы» деген ырлар камтылган. Ырларды тизмелеп жатканыбыздын себеби, айрым бир ырлар эки же үч ырга бөлүүгө болчудай. Мисалы «Ленин Сталинге» деген ырына «Совет» деген ыры кирип кеткен, ал эми «Даг болдум» деген ырынын курамына «Гүл келин» деген ырдын тексти кирип кеткен. Ошол себептен кабыл алууга оңой болушу үчүн мындай ырларды жылдызчалар( ***) аркылуу бөлүп койдук.

Ыр дептерди жарыялоодо адеп-ахлактык ченемдерге ылайык келбеген уят сөздөр алынып салынды. Кожо ырчы өзү деле андай саптарды эл алдында айтуудан уялганынан жайлоодо, элден оолак жерде ырдап бергени көрүнүп турат.

«Каралоо» деген көлөмдүү ырды да алып салууга туура келди. Себеби дептерде жазылганына караганда ал ыр Кожо ырчынын эмес, анын атасы Эрмат ырчынын ыры экен. Анан калса, анда бир адамды өзгөчө ызалап, кордоп ырдаган саптар орун алган. Эркек ки-

шини «кыз тууп койдуң», «жуван» болдуң деп шылдыңдаганынан ыза тарткан адамдын ысымын да атабоону туура көрдүк.

Ошондой эле дептердеги саясий мүнөздөгү айрым куплеттер да алынып салынды. Себеби анда Совет мамлекетинен башка мамлекеттер тууралуу айрым каралоо мүнөзүндөгү саптар бар эле.

Бул дептерде Баткен чөлкөмүнөн чыккан башка ырчылардын да аттары аталган. Демек, жергиликтүү элдин фольклорун, үрп-адатын, тарыхын, салт-санаасын, философиялык көз карашын, жергиликтүү өзгөчөлүктөрүн изилдөөдө бул дептердин мааниси өзгөчө.

Кол жазманы даярдап, Илимдер академиясынын кол жазмалар фондуна өткөргөн ал кездеги студент (1954-ж) Тайтөрө Батыркулов учурда 80 жашка таяган кадырлуу карыя.

Жыйноочу Тайтөрө Батыркулов жалпы дептердин кайсы жерине кол койгон болсо, кайсы жерине кандай эскертүү берсе, өзгөртүүсүз ошол абалында берилди.

Кол жазмалардын айрым беттери сканерден өткөрүлүп, кайсы бирлери сүрөткө тартылып берилди. Ошондой эле Кожо ырчынын небереси Запар Ходжаевдин альбомундагы айрым сүрөттөр да китепке киргизилди.

Албетте, бул чакан китепче алдыдагы чоң китептердин башталышы гана. Ар кандай башталышта айрым мүчүлүштүктөр боло берет эмеспи. Көч бара-бара түзөлөт дегендей бул ырчыны, анын ырларын билгендердин эскерүүлөрү камтылган жыйнак жакын арада жарык көрөт деген ойдомун. Бул ырчынын чыгармачылыгына чекит коюуга али эрте.

Илимдер Академиясынан кол жазманы алууга мүмкүнчүлүк бергени үчүн көрүнүктүү окумуштуу-адабиятчы, Ч.Айтматов атындагы адабият жана тил институтунун директору А.Акматалиевге, кол жазмалар фондунун жетекчиси Мурат Мукасовго жана ал жердеги кызматкер Нурзатка ыраазычылык билдиремин.

**Түзүүчү: Барно Сабирова**

## ЭРМАТОВ КОЖОНУН ЫРЛАРЫ

инв. 426 (1623)

Баткен районундагы Орто-Боз селолук совети, «Коммунизм» атындагы колхоздун мүчөсү Эрматов Кожонун ырларынан. Жашы 63тө. Кат билбейт. Кожо аксакал өз колхозунан башка коңшу колхоздордун бардыгына белгилүү. Бул киши өзүнүн ырлары менен белгилүү.

Өзү чыгарган ырларынан башка да мурдагы ырчылардын ырынан да ырдайт.

Жазган Тайтөрө Батыркулов. Кыргызстан мамлекеттик университетинин филология факультетинин III курсунун студенти.

### ХОР БАШЫ[1]

(Азаптагы баш)

«Хор» деген сөз тажик сөзү, «азап, азаптуу,азапка малынган калган» деген маанини берет. Эч натижага ээ болбой азапта жүрөт деген түшүнүктө.

Кокус чыгып бек болгон,
Хор башыдан ырдайын.
Жүжүр[2] койгон жолуга,
Жүз башыдан ырдайын.
Отурганда оокат деп,
Ой жайыңа койбогон,
Он башыдан ырдайын.

Наркы өйүздө Наркозу,
Ашавада Рахман.
Кайдан чыкты Калкожо,
Ташып чыкты Ташболот.
Көтөрүлдү гөр Шермат,

1 хор башы деген басмачы-корбашы дегенге туура келет, ал эми жыйноочу аны азапка түшкөн баш деп берген (түзүүчүдөн)

2 сакчы-дежур деген мааниде

Куугун жеди Кудайкул.
Чын урушту Чилпаты,

Мен менсиген Маасали,
Сарсан болду Сангини,
Жаз оолукту Жарматы.

Мурун чыкты Мурзапар,
Сарт наалыган Сабырдан.
Жетөө Козу Назиржан.
Исфарада Ислам,
Маргаланда Мадамин
Миңге жетпейт Миидин.
Эки миң дейт  Эргеш
Бекер болду Беркташың.
Баткенден Маадали.
Кишемиштен Мурзали.
Сох боюнда Жарыбек,
Соолуп кетти Жаныбек.

Уруят заман болгондо,
Уруулуу журттун баары бек.
Барденкени көтөрүп,
Баш болом дейт Бакыбек.
Кара мылтык көп жыйып,
Кан болом дейт Бакыбек.
Бекүдани көп жыйып,
Бек болом дейт Бакыбек.
Бекүдани көп жыйып,
Чорку болду келгениң.
Чаары койду сойдуруп,
Жолго жүжүр койдуруп,
Түн жарымда куугун жеп,
Заар[1]  болду жегениң.
Адам коркот пешиден,
Ашыр чыкты Мээшиден.

1 заар-уу

Аракет кылса болбоду,
Атарат[1] чыгып койбоду.
Төрт жигитке баш болуп,
Төрөкул чыкса болбоду.
Төртүнчү чыгып койбоду,
Беш жигитке баш болуп,
Беги да чыкса болбоду.
Мелийса чыгып койбоду,

Бекерчи ойнойт катарда.
Бекмурза да Сапар да,
Токтотуп койгон катарда.
Токтобой аткан сапарды,
Акыны алган койлордон .
Агалаган тойлордон,
Ар калласи[2] казандай,
Абдыназар Жойлордон[3] .
Аргымак качат карадан,
Ак милтесин чувалтып,
Алайна динди ачам деп,
Алимкул чыкты Дарадан.

Буламда чыгып дуулады,
Мусулман журту куурады.
Айткан сөздү галат[4] деп,
Ат жемиге болот деп.
Ага ини эли журт,
Арпа болду эгишиң.
Акыр чакта шол чыкты,
Ахмат менен Бегишиң.
Буламда чыгып бек болду,
Мусулман журтуң тек болду.

---

1 атарат-отряд
2 калласи-башы
3 жой-уруунун аты
4 галат-жалган

Узак чиркейт катарды,
Усталар алды Сапарды.
Шаарга кирген күрүчтү,
Шаадыман алды гүлүштү.
Накерек алат пистаны,
Наймандар алды устаны.
Буурул атка ок тартып,
Мусулманга дык тартып,
Карчыга чаппайт тиригe.
Каражан менен Ислам,
Каршы болду бириге.

Караңгы баскан жолуңа,
Кам сүт эмген Каражан.
Карлуу тоого качам деп,
Калмактан бетер өзбектин,
Кандайдыр түштүң колуга.
Алып коюп кашыңды,
Көп көрү кылып майданда.
Көп корлоду башыңды,
Туурадан чыгып Турдубай.
Хылты шари[1] иш кылып,
Төбөңдөн Кудай урдубу ай?

Гүлүшбек чыгып гүн болду,
Түркпайы чыгып түз болду.
Жолдошу чыгып жок болду,
Маширап чыгып маң болду.
Каражандын өлгөнү,
Калкы журтка даң болду.
Абдилдаси алдады,
Акмурзаны кармады.
Маширапти байлады,
Бешатар менен бир коюп,
Бир бурчеке жайлады.

---

1 хылты шари-натуура

Кара арчанын ичинен,
Суулап өттү хор башы.
Калк Кыянын малын жеп,
Дуулап өттү хор башы.
Беш атарга жалчыбай,
Куурап өттү хор башы.

Жаңы чыккан убакта,
Жалын алды хор башы.
Жабыр кылып ар кимдин,
Малын алды хор башы.
Ак бел тосуп ар кимдин,
Атын алды хор башы.
Апта сайын биттаси,
Катын алды хор башы.
Ынтымагы бирикпей,
Ыдырады хор башы.
Жабыр кылып мардимге,
Жалчыбады Хор башы.
Оңой ашты көп издеп,
Оңолбоду хор башы.
Өкмөткө теңелип,
.........................................

## ЛЕНИН, СТАЛИНГЕ

Николайдын барында,
Катта байлар зор болуп.
Кембагалдар зар болуп,
Кутулалбай карзынан.
Куса болду кембагал,
Ижааранын[1] төлөбөй.
Иттей болду кембагал,
Карыздар болуп байлардан.
Качып аткан кембагал,
Коюн багып байлардын.

---

1 ижаара-салык

Кордук көргөн кембагал,
Түзүк баккын койду деп,
Зордук көрдү кембагал.

Өйдө төмөн көчкөндө,
Арттым жүктү жортоко.
Акылы жок кембагал,
Айлык жүрдүң торпокко.
Жылкысын айдап булакка,
Акылы жок кембагал ,
Жылдык жүрдүң улакка.

Коюну айдап сайларга,
Кошомат айтып байларга.
Акылы жок кембагал,
Айлык жүрдүң тайларга.

Коюмду союп жедиң деп,
Корлоду сени залим бай.
Улагым союп жедиң деп,
Ууру кылды залим бай.
Токтумду союп жедиң деп,
Тоомат кылды залим бай.

Падасыны бактырып,
Башыга жаңгак чактырып,
Жок малыны таптырып,
Аргымагын токутуп,
Аалымдуудан окутуп,
Агалыны күрөтүп,
Иш кылдырып жүдөтүп,
Баласыны көтөртүп,
Көп терметип бешигин,
Ашы бышкан убакта,
Үйүң күйгөн залим бай,
Кулптап алып эшигин,

Кедейлердин баарига,
Кийин берген кешигин.

Өлөт келген кедейлер,
Байдан бөлүп чегиңди ал.
Башка кылып жериңди ал,
Өкүматиң колго алып,
Байыркы өткөн кегиңди ал.

Кызы талак бу байлар,
Кыйла кылган ганымды[1] .
Өкмөт мага жол берсе,
Өткөрсөм байга залымды.

Аргымак жалын бурайбыз,
Агартуу жолун сурайбыз.
Ажайып өткөн Лениндин,
Акыл айткан сөзүн тутабыз.

Он жылдык запас галабыз[2] ,
Ажайып өткөн Лениндин,
Айткан сөзүн алабыз.
Сталин биздин атабыз.
Кечирер сөздүн катабыз,
Сталиндин доорунда,
Жерини алып байлардын,
Колхозчу жыргап жатабыз.

Илгери ишти жүргүзгөн,
Ленин менен партия.
Кылыч ташып согушкан,
Кызыл аскер армия.

---

1 ганымды-душмандык
2 галабыз-данызбыз, буудайыбыз

Партия болуп мурунтан,
Калган экен Сталин,
Парганаиын баарини,
Алган экен Сталин.
Пикир кылып ичинде,
Жүргөн экен Сталин.
Инсабы жок байларды,
Билген экен Сталин.
Айткан габин калкыга,
Макул кылган Сталин.
Капаратив[1] чыгарып,
Алыс жувук[2] базарын,
Жакын кылган Сталин.
Гала берип таксига,
Арзан кылган Сталин.
Кедейлердин баарига,
Жардам кылган Сталин.

Артил болгон калкыны,
Асиветтейт Сталин.
Колхоз болгон калкынын,
Гавин сүйлөйт Сталин.
Эли журттун баарини,
Илгейт экен Сталин.
Тели-тентек[3] калкыны,
Тергейт экен Сталин.

Уюмдашкан калкыга,
Увада айткан Сталин.
Даңгасанин баарига,
Далил айткан Сталин.
Рабочих сөзүнү,
Ынайт экен Сталин.
Кедейлердин алыны,
Сурайт экен Сталин.

---

1 капаратив-кооператив

2 жувук-узак

3 тели-тентек-каршы

Айткан сөзүн өзгөрүп,
Ач арыкты тойгоруп,
Букарага пул берип,
Жетестерге жер берип,
Бадырака мал берип,
Ала кагаз кат берип,
Алдыңа минсең ат берип,
Ажайып өзү Сталин,
Көргө, шалга көп күйгөн,
Көп жашасын Сталин,
Жайыны тилла так кылып,
Жаштардын табын чак кылып,
Жашасын жана Сталин.

***

Зооту бар Советтин,
Зорлугуну[1] көрүңөр.
Кен жүргүзгөн Советтин,
Катталигин көрүңөр.
Увада айткан Советтин,
Үлкөндүгүн көрүңөр.
Назар кылбай душманды,
Жүргөндүгүн көрүңөр.
Кара ниет жалкооду,
Билгендигин көрүңөр.
Партиялар уюшуп,
Баргандыгын көрүңөр.
Үгүт менен ар жайды,
Алгандыгын көрүңөр.
Каршы турган душмандын,
Гам кайгыны башыга,
Салгандыгын көрүңөр.

1 зорлугуну-мыктылыгын

Ички сырын айтпаган,
Партиясын көрүңөр.
Коргоп турган дүйнөнү,
Армиясын көрүңөр.
Жетим менен жесирге,
Тарбиясын көрүңөр.
Адыр кесип ар жакка,
Жол салганын көрүңөр.
Ар душманга билдирбей,
Кол салганын көрүңөр.
Суу чыгарган даштарга[1] ,
Арыгыны көрүңөр.
Илимдүүлөр окуган,
Тарыхыны көрүңөр.
Магазиндер жык толгон,
Балыгыны көрүңөр.
Магазиндер жык толгон,
Майларыны көрүңөр.
Кирсең жыты буркурап,
Чайларини көрүңөр.

Алты кабат үй салган,
Жайларыны көрүңөр.
Магазиндер жык толгон,
Асалини көрүңөр.
Тарбия кылган доктурлар,
Касалини көрүңөр.
Магазиндер жык толгон,
Кийимини көрүңөр.
Ол кийимге коюлган,
Тыйыныны көрүңөр.
Катар койсо жарашкан,
Чайнегини көрүңөр.
Караңгы үйдү жарыткан,
Айнегини көрүңөр.

1 дашт-чөл

Атса огу тыркырап,
Автоматын көрүңөр.
Билген душман келбеген,
Пилиметин көрүңөр.
Жетпестерге пул берген,
Кредитин көрүңөр.
Запылдаган октору,
Замбрегин көрүңөр.
Катта душман коркунуч,
«Катюшасын» көрүңөр.
Түшкөн жерди түз кылган,
Помбосуну көрүңөр.
Так деп октон кайтпаган,
Танкасыны көрүңөр.

Айрыплан самалет,
Учкандыгын көрүңөр.
Советтен чыккан баатырлар,
Кыскандыгын көрүңөр.

Пияда жолго баспаган,
Машинасын көрүңөр.
Кытай менен Советтин,
Ашынасын көрүңөр.

Атом бомба кеңеште,
Ааламды алар теңешсе.
Куралдын баары кеңеште,
Курутаар душман теңешсе.
Кырк атар мылтык кеңеште,
Германды алды теңеште.

## САНАТ ЫРЛАР

Көпчүлүк кылды сунушту,
Көздөгүлө Кожону.
Гөрдөй да куну учту.
Мадатта берсе Сталин,
Бажарсын Кожо бул ишти.
Жашарып суудa тунуш бар,
Жаңшаган Кожо ырдайт деп,
Жакшылардан сунуш бар.

Мен ырымды бирөөдөн,
Сатып алган эмесмин.
Ырда десе ырдабай,
Жатып алган эмесмин.
Зорлук кылып бирөөдөн,
Тартып алган эмесмин.

Мен ырымды бирөөдөн,
Сурап алган эмесмин.
Чекененин малындай,
Курап алган эмесмин.

Күн бүркөлүп жааганда,
Күнгөйдү басып сел кетет.
Жакшылардын ичинде,
Уялганым шекилди,
Маңдайды басып тер кетет.
Жаз айланып күз кетет,
Саратанда муз кетет.
Шириндик дөөлөт болбосо,
Сабылып көңүл суз кетет.
Өөдөгө карап октолгон,
Аркардын мойнун ок кесет.
Асманга карап эргиген,
Жигиттин мойнун жок кесет.
Берем деген бекинбейт,
Бек байласаң чечилбейт.

Менменди кудай кечирбейт,
Башыңа мүшкүл иш түшсө,
Малың да арзан сатылбайт.
Узун өмүр кең дөөлөт,
Пешенеңе жазылбайт.
Казаң жетип өлбөсөң,
Кара жер чукур казылбайт.
Алты кадак жем жесе,
Алдыңда атың арыбайт.
Ай асмандан чыкпаса,
Караңгы түндөр жарыбайт.

Эгизге түшөт кар деген,
Эргип учат сар[1] деген.
Ажал жетип өлбөсө,
Ажырайт бир күн жар деген.
Армандуу болот уу деген,
Арамды жуват суу деген.
Каттык болот таш деген,
Ажал жетип өлбөсө,
Ар ишти көрөт баш деген.
Үсүндүү кылат каш деген,
Урматтуу болот бар деген.
Телбе тап болот жаш деген,
Чечен кылат кат деген.
Чериңди жазат ат деген,
Курсан кылат кат деген.
Кумарды жазат от деген,
Өпкөгө душман өр деген,
Өзүнчө дыкат көр деген.
Абийир болот мал деген,
Аманат болот жан деген.

Кум жыйылып таш болбойт,
Хулиган элге баш болбойт.
Токсонго кирген жаш болбойт,

1 Сар-куш

Кагаз болбой кат болбойт.
Өзүң менен бир тууган,
Өлгүчө сенен жат болбойт.
Кыргыз сүйлөп сарт болбойт,
Эгемде назар кылбаса,
Бандаси ташып март болбойт.
Чечектен жаман дарт болбойт,
Эчкини баксаң кой болбойт.
Эсерлерде ой болбойт,
Эгин да болбой эл тойбойт.
Жыйырма бешке кирбесе,
Жигиттер ташып жык болбойт.
Карчыга кушта пар болбойт,
Кадырда эгем колдосо,
Караңгы гөрүң тар болбойт.
Белдешпесе бек болбойт,
Бейишинде кек болбойт.
Бекерде жүргөн бул Кожо,
Масалин айтпай тек болбойт.
Бар болбосо, жок болбойт.
Ач болбосо, ток болбойт.
Ажал жетпей күн бүтпөй,
Адамзат өлүп жок болбойт.

Тилдин баары булбулда,
Тизгини жок дулдулда.
Кайыр кылып жан берсе,
Катта пайда ушунда.
Гайваттын[1] баары пакылда[2] ,
Газалдын баары акында.
Кадыры болбойт жакында,
Күчтүн баары палванда.
Пайдасы жок жалганда.
Эзилип турар жүрөгү,
Энеден жетим калганда.

1 гайват-ушак
2 пакыл-жаман

Уйкашкан менин сөзүмдү
Укпагандар арманда.
Элге карап сөздөдүм,
Эгем да кылба шарманда.

Кыйкырган добуш уларда,
Кымбат тери суусарда.
Баары кыргыз мундузда,
Баасы жок кундузда.
Баары суук эгизде,
Майдын баары семизде.

Калта жип кирбейт байлоого
Камбагал чыкпайт жайлоого.
Кем акыл кирбейт айдоого.

***

Жалаң жерде адыр жок
Жакын сууда кадыр жок.
Жаман айтпай жакшы жок,
Беш колуңду караңар,
Барабар эмес баары жок.
Армандуу болот бу дүйнө,
Ааламда болот ачы ток.
Ачык душман акыл дос,
Ажал бизге жакын дос,

Май талкан бизге пакыл жок,
Өлүмдөн бизге жакын жок.
Толук журтту кыдырсаң,
Токтогулдай акын жок.
Жараткан Жаббар[1] сендей жок.
Жалкоолук кылбай ырдасам,
Жаңшагандан мендей жок.
Шишени алып ичпеңер,

1 Жаббар-кудай

Тике туруп сийбеңер.
Топуну кыйшык кийбеңер,
Чөнтөккө колду салбаңар,
Папиросту тартпаңар,
Учкаштырып бутуңду
Узун болуп жатпаңар.
Намиянда пулуңар,
Адептүү болсун уулуңар.
Сандыка салган галаңар,
Сабаттуу болсун балаңар.
Ченеп салган тузуңар,
Чебер болсун кызыңар.
Кайгысыз болсун элиңер,
Каржылуу болсун белиңер.
Жаңы болсун тонуңар.
Жакшы болсун жолуңар.

Той талапка той берсин,
Жылынарга тон берсин.
Каржысызга сом берсин,
Чайпаганга чай берсин,
Чайнаганга май берсин.
Акырет талап кишиге,
Жаннаттан жакшы жай берсин.
Кайырлуулуга аш берсин,

Парзантсызга баш берсин,
Баштан жукак пандани,
Максатка кудай жеткирсин.

***

Айкырган менин доошум шул,
Айдаган менин кошум шул.
Алгырда менин кушум шул,
Ингенге менин бээм шул.
Иштеткенге ишим шул.

Токтомго жазган катым шул,
Токуулуу менен атым шул.
Каптарин бурган дасим шул,
Кадымдан кылган касмим шул.
Кечээ күндүз оюм шул,
Короодо жаткан коюм шул.
Ичкенде тунук суум шул,
Ишкарда кылган увум шул.
Эсептөөлүү малым шул.
Мээнетти кылып баш ийдим,
Ак буудай салган жерим шул.
Уйкашып келген абайым[1] ,
Урган менин завайым.
Айдаган ушул баганым,
Асынган менин наганым.
Аламанды алдалап,
Арам го деймин алганым.
Айлантып кылган эсебим,
Айдаган менин эшегим.
Акча кагаз черваным,
Ат араба пирганым.
Айткан менин увазым
Айдаса менин жувазым.
Катар тиккен дарагым,
Кайда кылган менин арыгым.
Тантырап айткан жомогум,
Тамарка эккен коногум.
Талаада кылган орогум.

Көшөгөдө амбарым,
Көтөргөн менин замбарым.
Чапкан менин кетменим,
Дыйканчылык эккеним.
Ак ородо буудайым,
Ага ини жакшылар.
Артыкча берген кудайым.

1 Абай-сөз

## УРМАТКАН

Увада берсен баралы,
Уруунда журтка жазылган.
Урматкандын газалы.
Үсүндү берген кудайым,
Урматкан сизге азали.

Белинде пото курчанып,
Алмадай бетиң нур жанып,
Кийгениң артык ар нуска.
Ырдайт деп капа болбоңуз,
Мен тал чыбыктай боюңдун,
Укуруктай мойнуңдун,
Чырайыны айтам мажлиске.

Ар жыйында ырдасам,
Агылат менин даптарим.
Урматкан деп ойлосом,
Ичимде кайнайт гаптарим.

Урматканды ырдаткан,
Ушул отурган марттарим.
Урматканды ырдасам,
Саз келет менин санатым.
Урматкан деп жаңшасам,
Козголот менин адатым.
Жакшы көргөн Урматкан,
Жазда көчтүң бел ашып.
Сырты сулуу Урматкан,
Сыр айтпадык жанашып.
Кадыр эгем бериптир,
Казалдан артык ырымды.
Баргегиң алтын баари көз,
Караңгыда учурап,
Кандай айтам сырымды?

Эл ичинде ырда деп,
Эгем берген ишимди.
Келин болгон Урматкан,
Келип сөзүм эшитип,
Кайырбаңыз тилимди.
Жыгырма бирге кирипсиз,
Сураганмын жылыңды.
Капа болгон убакта,
Жигиттердин көөнү үчүн,
Какшаганмын ырымды.

Мингениң кара байчадай,
Белиң ичке найчадай.
Кылыгыңды көп санап,
Жигит го жаным чарчады ай.
Мингениң кара тай болуп,
Бир көрбөгөн жигитке,
Бир көрүнгөн ай болуп.
Кирип барып жанашсам,
Кош алмаңдын алдыга,
Колтугуңа жай болуп.

Алдыңа минсең ат болом,
Ажырап кетсең жат болом.
Сүйлөсөң ширин сөз болом,
Каш кабагың алдыга.
Карагаттай көз болом.

Жашынсаң далда сай болом.
Жалгыз болсоң пай болом,
Укурук кылсаң тал болом.
Жетелесең жар болом,
Корооңо мал болом.
Сактасаң сары май болом.
Пүйлөп ичсең чай болом.
Кирип барып кол салып,

Кош алмандын алдына,
Колтугуңа жай болом.
Карчыга болсоң саларга,
Кайда эле болсоң аман бол.
Кадырымды табаарга.
Ыраак кеттиң Урматкан,
Лаачин болуп бараарга,
Жазганамын Урматкан.
Жагалмай болуп бараарга,
Жазганамын Урматкан.
Жагоо да болсом мойнуңа,
Кыл чачыңа тагаарга.
Оюну кызык Урматкан,
Абалтан көөнүң бар беле?
Оң кашыңды көрөөргө
Авазман элде бар бекен?
Мага окшоп зарлап ырдаган.
Элинде шундай ыр барбы?
Тан бергиле кудайга,
Азаматым жакшылар
Азилди берген буудайга
Жигиттердин көөнү үчүн
Ырдап берем баарыңа
Ана мындай шумдарга.

## ДАГ БОЛДУМ[1]

Оромол салса жарашкан,
Башыңды көрүп даг болдум.
Ороктой болуп тартылган,
Кашыңды көрүп даг болдум.
Булбулдай ширин сүйлөгөн,
Сөзүңдү угуп даг болдум.
Карагаттай карарган,
Көзүңдү көрүп даг болдум.
Ондоп - солдоп оронгон,

1 даг болдум-күйдүм

Калагиң[1] көрүп даг болдум.
Оң бетиңе коюлган,
Талабиң[2] көрүп даг болдум.
Зор-кичиктен уялган,
Адебиң көрүп даг болдум.
Карыларга эңкейген,
Саламың көрүп даг болдум.
Машина параң жетпеген,
Ишиңди көрүп даг болдум.
Маш күрүчтөй кашкайган,
Тишиңди көрүп даг болдум.

Өйдө бассаң өрдөктөй,
Мойнуңду көрүп даг болдум.
Жийде бурак жыттанган,
Койнуңду көрүп даг болдум.
Жүгүрүк аттай кыйгачтап,
Жүрүшүң көрүп даг болдум.
Жез комуздай карсылдап,
Күлүшүң көрүп даг болдум.

***

Күйдүрөсүң нетейин,
Күлкүңүздөн кетейин.
Күлкүчү бала гүл келин
Күн болжосоң жетейин.

Жол боюнда коргонгон
Жолоочулар көп каттайт
Кылыгың көргөн жаш балдар
Кыргызда сизди көп мактайт.

Нечен адам жете албайт.
Кылыгың көргөн жигиттер,
Көңүл үзүп кете албайт.

---

1 калагиң-жоолугуң
2 талабиң-эндигиң

Белек алып базардан,
Бергени келдим гүл келин.
Эсендигиң суроолоп,
Көргөнү келдим гүл келин.
Коңур салкын койнуңдан
Өлгөнү келдим гүл келин.
Орозону айлыңдан,
Тутканы келдим гүл келин.
Ширин даана сөзүңдү,
Укканы келдим гүл келин.
Куурсундай белиңди,
Кучканы[1] келдим гүл келин.

Көргөндөр билет илланди,
Көрбөгөндөр гап кылып,
Көтөрөт сенин гүнааңды.
Каламдай кашын чийилип,
Кааданы билдиң ийилип,
Калк мактаган сулуулар,
Кагылсын сизге жыйылып.

Ороктой кашың чийилип,
Оюмду билдиң ийилип.
Эл мактаган сулуулар,
Үргүлсүн сизге жыйылып.

Атлес кийген өзүңдөн,
Асалдан ширин сөзүңдөн.
Аттиң бала гүл келин,
Айлансын акең көзүңдөн.

Эртең менен сайраган,
Булбул да тең, мен да тең.
Күн чыгаарда сайраган,
Күкүк да тең мен да тең.

Күкүк десең үнүмдү ал,

1 кучканы-кучактаганы

Булбул десең тилимди ал.
Кара десең көзүмдү ал,
Ширин десең сөзүмдү ал.
Ого дагы көнбөсөң,
Аманат менин жанымды ал.
Атлес көйнөк гүл келин,
Арманым чыкпайт ырдабай.
Өкүмү күчтүү гүл келин,
Өлтүргүн мени кыйнабай.

Жетилген боюң даректай,
Курусун жолдун ыраагы ай.
Күн алыста көрбөсөм,
Кумарың тутат арактай.

Кумарың тутат наска окшоп,
Гүл келинчек кайда деп,
Асирет кылып ырдасам,
Ачылбайт көзүм маска окшоп.
Саратан өтсө күзгө окшоп,
Жаркырайт бетиң музга окшоп,
Боюңду көрүп көп күйүп,
Болбосун эч ким бизге окшош.

Жийделер бурак жыттанып,
Көп күйгүздүң сен мени.
Көзүгөр кара сизге окшоп,
Күнгөйгө бүткөн гүлгө окшоп,
Күйдүрдүң мени гүл келин,
Бейишке бүткөн үргө окшоп,

Белиң ичке найга окшоп,
Керилесиң гүл келин.
Кечеси тийген айга окшоп,
Эриң жүрөт сартка окшоп.
Эликпейсиң жатка окшоп,

Эртеден кечке көп күйүп,
Кусадар болгоң мага окшоп,

Эшигиң алды куу бутак,
Курумду илет гүл келин.
Эсерлер болуп жүргөнүм ойлоп,
Эгем да билет гүл келин.

Акактуу мойнуң өрдөктөй,
Акылым үшүн алыпсың.
Азилиң кыйбат өзбөктөй,
Ачылса койнуң баардай.
Азилиң кыймат шаардай,

Кашың калам чызгандай.
Тишиң марват тизгендей,
Чырайың чыраз тарткандай.
Баладай сулуу гүл келин,
Күн кылкылдап баткандай.
Күзүндө түшүп олтурган,
Күнгөйлөр сиздин жериңиз.
Күлкүчү бала гүл келин,
Күйдүрбөй бери келиңиз.

Оболтон баар[1] отурган,
Ой кара арча жериңиз.
Оюну кызык гүл келин.
Ойлонбой бери келиңиз,
Түндөлөрдө түйшөлүп,
Түн уйкумду үч бөлүп,
Караңгыда камынып,
Чапанын кыйгач жамынып,
Аязда жүрдүм туштарда,
Акылым айран калыптыр.
Баязда жүргөн пастарда.

1 баар-жаз

Жарашат жабдык аттарга
Той жарашат марттарга
Кудайым куштар кылыптыр
Гүл келин сиздей кайнарга.

## ЭКИ ЫРЧЫНЫН АЙТЫШКАНЫ

Бөөрүбай менен Ибраим экөөбү бир жыйында айтышып калган.

**Бөөрүбай:**

Ала тоонун боорунда,
Ат ойноткон  ким экен?
Кара тоонун боорунда,
Карсылдаткан ким экен?
Өйүз менен бүйүздүн,
Аңышын алган ким экен?
Паркыраган жылдыздын,
Баткан жери кайда экен?
Жамы олуя биригип,
Жаткан жери кайда экен?
Мунун маанисин айтып бер,
Айталбасаң маанисин,
Журттан алган тонунду,
Жай жайыга кайтып бер…

**Ибраимдин жообу:**

Ала тоонун боорунда,
Ат ойноткон жылкычы.
Кара тоонун боорунда,
Карсылдаткан мылтыкчы.
Өйүз менен бүйүздүн,
Аңышын алган бүркүтчү.
Паркыраган жылдыздын,
Баткан жери кыбыла.
Жалпы олуя биригип,
Жаткан жери Мадина.

**Бөөрүбай:**

- Илек-илек илген куш,
Тал тагинда балыкты.
Пал көргөндөй билген куш,
Путу неге узарган,
Тумшугу неге кызарган?
Мунун маанисин айтып бер,
Айталбасаң маанисин,
Журттан алган тонуңду,
Жай жайыга кайтып бер…

**Ибраим:**

- Илек илек илген куш,
Суу тагинда балыкты,
Пал көргөндөй билген куш.
Путуну менден сурасаң,
Амир болуп Кудайдан,
Анан путу узарган.
Тумшугуну сурасаң
…………………..
Чукуй берип кызарган.

*Тайтөрө Батыркулов*

Кыргызстан Мамлекеттик Университетинин Филология Факультетинин 3-курсунун студенти. Колу коюлган.

Кичинекей, бирок эң сонун, телегейи тегиз келишкен
Ылар жайлоосунда жазылган
10-11-август, 1954- жыл.

## АЛТЫ ЫРЧЫНЫН АЙТЫШКАНЫ

Азыркы Фрунзе районунун Дөмөр деген жеринде бир байдын тоюнда алты ырчы ырдашат. Бул ырчылар азыркы Баткен, Фрунзе районундагы ырчылар болчу.

**Ибраим:**

Жыйылыптыр гал ырчы,
Ат үстүгө конобу?
Аксакалың Токо ырчы,
Сизден сабак сурайлы.
Биз ырдасак болобу?

**Токо:**

Баарың тең менин баламсың,
Ырдашамын дебеңер.
Ондой покту жебеңер,
Тамаша тойго жеттиңер,
Көчүктү кысып кетиңер.

**Бөөрүбек:**

Аксакалың Токо ырчы
Баарыңа кыкты чокутту.
..............................

**Ахмат:**

Жыйылыптыр гал ырчы,
Бүгүн жарыш болот деп,
Коркуп барат бала ырчы.
Журттан алган тонуңар,
Ат үстүгө конуңар.
Ага ини болуңар.
Тонду берсе кең берет
Баарыбызга тең берет.
Ага ини жакшылар
Мунаса кылып кетиңер

**Козу:**

Катта кичик каарыңа
Элден кичик бала ырчы
Насыят берди баарыңа

Ушул мезгилде Ахматтын минип турган
аты жерге жата калат…

**Жээнкул:**

Ахмат ырчы жээнибиз
Жатып барат атыңыз…
ээрден тайып өзүңүз,
кызарып барат бетиңиз.

**Ахмат:**

Мен макул айтып ырдасам,
Ырыма кулак салаарсың.
Мен да сенин желкеңе,
Бир саат чыгып турайын,
Сен да жатып калаарсың.

(Айтышта жеңип чыгуу үчүн атаандаштарын кордоп, ыза-лап, уят сөздөр менен да айтышкан. Андай саптарды кошкон жокпуз(түзүүчү).

## ПАРАНДАЛАР[1]

Карчыга куштун карасы,
Чөөвлүү куштун сарасы.
Турумтай куштун туйгуну,
Жагалмай куштун жакшысы,
Лаачын куштун илгири.
Баары куштун баланти,
Баарын терип ырдаган,
Бул Кожонун адаты.

---

1 парандалар-канаттуулар

Молло торгой бар тумшук,
Качак деген гөр чымчык.
Тешик арык көтөрмө,
Күйкө менен бөктөргө.

Эгиз тоодо мөңгү кар,
Кулалы менен жамансар.
Ала көтөн чакчыгай,
Тукумуну көк тубат.
Боору чувар кекилик,
Тукумуну көп тубат.
Кээр ала кекилик,
Таштан ташка секеңдейт.
Тукумун ташка мекендейт,
Бооруу чувар кекилик,
Жергени эккен мазаңди[1] ,
Жулуп алып айпаган.
Тукумуну чайкаган,
Ала көтөн чакчыгай,
Өзүнү мынча мактады ай.
Кирпи менен көк түлкү,
Жем кыдырат уктабай.
Ала көтөн сагызган,
Жоордун канын агызган.
.......................................
Улар деген жаныбар,
Боз буканы кемирет.
Кыроовун тапса семирет.
Бүркүт палван той кылды,
Булбул бийлеп ой кылды.
Ала карга азанчы,
Кара карга казанчы.
Калдыргачы кабарчы,
Чакчыгайы чабарчы.
Оңдоп койду кыйшыкты.

1 мазаңди-буудайды

Оюнчу кылды мышыкты.
Аммасинан кичикти,
Батча кылды күчүктү.
Жар тегирмен жарчысы,
Жөргөмүшү дарчысы.

Түлкү жууду карынды,
Канчыгым кырда калды деп,
Карышкыры таарынды.
Жер закымдап далбаңдап,
Ындыстан карап учканда.
Ырдап берем силерге,
Дан ташыган чычканды.
Ала албаса жамансар,
Анан кылат пышманды.
Дөңкөндөгөн каларди,
Мен түптөп айтам далайды.
Колдо болот шапаты,
Жерге туват жапалак.

Кулалы өзү калар жейт,
Ала албаса залал жейт.
Бөктөргө өзү бака жейт,
Ала албаса шака жейт.

Жер закымдап далбаңдап,
Индостан карап барабы?
Кулалы куштан калабы?
Кичине гана пашабы?
Каныңды соруп качабы?
Ийнелик оозун ачабы?
Касипта болот каранда,
Илек-илек паранда.
Бакалуу жерге жокшойбу,
Ала байрак кийинип,
Алчаң - алчаң басканы,
Ар нерсеге окшойбу?
Канаты катта Кажыр куш,
Тарп болгон жерге азыр куш.

Чаңгали Сары чөөвлү куш,
Малды аңдыйт бөөрү куш.
Куйругу узун кумай куш,
Куу сөөктү жеген куш.
Кудайга шүгүр деген куш.
Илек-илек илген куш
Суудагы жүргөн балыкты
Бал көргөндөй билген куш.

Суула болот шарылдак
Боору чувар чарылдак
Учуп жүрөт дүрүлдөк.
Каптар жүрөт дүрүлдөп.
Зоо боорунда көк каптар,
Зикирчиси күү каптар.
Ал да өйүң үпүппү,
Азангөйүң күкүкпү?
Күкүктө болот күласи,
Адамда болот иласи,
Адамдын акын жевеген,
Шамал жай дөңгө айланган,
Кыргыйда жоктур күнааси.

## МЕРГЕНЧИ ЖӨНҮНДӨ КОШОК

Аттиң бир менин мергеним,
Тоо текесин кергеним.
Ырас экен өлгөнүң,
Канакей кайтып келгениң.

Улар бир гөшүн сүйгүн деп,
Улуу тоо барып жатканым.
Улардан тогуз атканым.

Кекилик гөшүн сүйгүн деп,
Герине чыгып атканым,
Келбестен тоого жатканым.
Кабаттап аткан уларың,
Кардарга саткан суусарың.

Ар кыллар тууру келбеди,
Айланышкан жараңа.
Түгөнгөн бекен сууларың,
Киседе калды кууларың.
Киседе калды таштарың,
Кайырга бүткөн аштарың,
Катардан кеткен баштарың.

Күмүштөн кисе байланып,
Күндүү тоонуу айланып.
Күн тийбеген зоолорго,
Күнүндө чыгып уулаган.
Көк жорго минип зуулаган,
Алтындан кисе байланып.
Ала-Тоону айланып,
Ай тийбеген зоолорго,
Азанда чыгып уулаган.
Ак жорго минип зуулаган.
Товардан кисе байланып,
Томуктай ташка жайланып.
Тоолорго теке камаган,
Токсонду атып санаган.
Аттиң бир менин мергеним,
Кекилик аткан отуздан.
Уларды аткан тогуздан,

Кашкалдык аткан карадан.
Кавлан аткан дарадан.
Өрдөктү кууп көлдө аткан,
Кулжаны кууп чөлдө аткан.
Текени кууп төрдө аткан,
Түзөң бир жерден түлкү аткан.
Бөксө жерден бөөрү аткан.
Семирсе кийик күздө аткан,
Эсиз менин мергеним,
Эки жыл болбой жүздү аткан.
Эңкейсе кийик эки аткан.
Эчкиден тандап теке аткан,
Өдөгө качкан текенин,

Өпкөсүнү үзө аткан.
Мылтыгын атса туштаган,
Текени атса көтөр деп,
Теңтуштарын кыстаган.
Көмүрдөй көк жал мылтыгын,
Көпчүгүн манат көң кылган.
Кароолуну дөң кылган.
Сүмбөсүнү жөн кылган,
Сайыны көөвлап саз кылган,
Даарысын өлчөп аз кылган,

Ак пилтесин төртөөдөн.
Өрүп койгон мылтыгын,
Ичини жоолап аптада,
Көрүп койгон мылтыгын.
Тийишини тилини,
Билип койгон мылтыгын.
Ак ордодой үйүнө,
Илип койгон мылтыгын.

Күлүктү минип желгендер,
Куранды айтат келгендер.
Аргымак минип желгендер,
Аятты айтат келгендер.
Алакан жазып кайткандар,
Аятты узун айткандар.
Аятты узун айткыла,
Акталсын жерде жаткандар.
Ак түвөк жайлоо чыккандар,
Мен ада кылып айткыча,
Айран болсун уккандар.

## АЙЫМКЫЗ МЕНЕН ЧӨКӨБАЙДЫН АЙТЫШКАНЫ

Бул айтышуу мындан кеминде жүз жыл илгери Анжияндык кыргыздан чаккан атактуу Айымкыз деген ырчы аял менен болгон. Ошол аял менен Баткендик акын Чөкөбай айтышкан. Чөкөбайга чейин Айымкыз көп ырчыларды жеңген. Бир чоң тойдо экөөсү айтышкан. Экөөсүнүн байгесине бир нар төө, бир пат гилем койгон. Кимиси жеңсе шол алмакчы.

**Айымкыз:**

Ичкиликсиз ирисиң,
Сенам сарттын бирисиң.
Кундуз калпак бизде бар,
Куру кайтпай кие кайт.
Саамайлары сапсайып,
Сая болот көзүңө.
Сары суусу куюлуп,
Шербет болот оозуңа.
Менин берген калпагым,
Керегеңе асып кий.
Тамаша тойго чыкканда,
Көр көзүңө басып кий.

**Чөкөбай:**

Ак айтасың канышым,
Жакшы айтасың канышым.
Мен кудайдан зор эмес,
Туурасынан чанчарга
Түнөктүү найза бизде бар
Капталынан жанчарга
Карагай найза бизде бар
Ол калпагың куп калпак
Төбөсү жок жапжалпак
Кыймат баа зер калпак
Кыз экенде тар калпак
Энди болгон кең калпак
………...........................

**Айымкыз:**

Көр Чөкөбай, дайди көр.
Абалаган иттей көр,
Пайпакка түшкөн биттей көр,
Эшке чыгып сайды көр,

**Чөкөбай:**

Көр Чөкөбай көрөр көр,
Көр кочкордой сүрөр көр.
...

Ушинтип Чөкөбай жеңген экен. Айымкыздын агасы ачууланып Чөкөбайдын допусун түшүрө аткан экен.

**Тайтөрө Батыркулов**

Ушул дептердеги отуз барактан ашыгыраак ырды бир күндө жазып бүттүм.

Эртең мененки күн чыккандан баштап күн бийик того кыңкая бергенде токтоттум. Стол орундук жок. «Бала-чаканын алдында болбойт»- деп, Кожо ырчы үйдөн алыс чоң карагаттын түбүнө орун салды. Олтуруп да, жатып да, кыйшайып да жазууга туура келди. Сыяны чай пияланын түбүнө чылап алганы тоо күнү жана тоо жели шимиргендей кургатып турду. Шарылдап аккан кичинекей суудан жарытпаган жалбырактарга суу алып келип куюп турдум.

**Кыргызстан мамлекеттик университетинин III курсунун студенти.**

## МАЗМУНУ:

Чоң атам Кожо-чоң ырчы............................................3
Кожо Эрматов тууралуу азыноолак кеп............................................6
Атасы -Эрмат чагаан............................................6
Кожо ырчы түш көрөт............................................7
Кожо ырчынын урпактары............................................12
Кол жазма дептерине саресеп............................................21
Эрматов Кожонун ырлары............................................27
«Хор башы»............................................27
«Ленин, Сталинге»............................................31
«Санат ырлар»............................................38
«Урматкан»............................................44
«Даг болдум»............................................46
«Эки ырчынын айтышканы»............................................51
«Алты ырчынын айтышканы»............................................53
«Парандалар»............................................54
«Мергенчи жөнүндө кошок»............................................57
«Айымкыз менен Чөкөбайдын айтышканы»............................................59

**Кожо ырчы**
**Түзгөн Б. Сабирова**
**Редактору З. Ходжаев**

**Тексттерди терген Ү. Исакова**
**Дизайнер З. Исакова**
**Байланыш телефону: 0773 23-08-62**
**E-mail: isakova_u@bk.ru**

**Кол коюлду 19.05.2010-ж.**
**Офсет кагазы, нускасы 300**
**Формат 60x84/16, көлөмү 3,75 б.т.**
**«Нур-Ас» басмаканасы**



Улукбек



Зулайха, Атабек, Умут



Айбек



Данияр





Илйас

Кызжибек, Кожомурат, Бактынур



Гульмира, Мархамат



Токтайым



Нурбек, Бусурман